“БЕКИТЕМИН”

А. Мырсабеков атындагы Ош мамлекеттик
педагогикалык университетинин ректору,
педагогика илимдеринин доктору,
профессор **Б.Б. Зулуев**

«_01_» ___03.___ 2024-ж.

Мамырова Айнура Юсуповнанын **«Адабий көркөм текст менен иштөө процессинде башталгыч класс окуучуларынын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн методикасы»** деген темада 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган кандидаттык диссертациялык ишине жетектөөчү мекеменин

## РАСМИЙ ПИКИРИ

**Илимий жетекчи** - педагогика илимдеринин доктору, профессордун милдетин аткаруучу Акматов Кыялбек Камутович.

И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Педагогика жана психология институтундагы башталгыч мектепте кыргыз жана орус тилдерин окутуунун технологиясы кафедрасында аткарылган.

1. **Изилдөөнүн актуалдуулугу.**

Адабий көркөм текст менен иштөө процесси ошол текстти окуу, түшүнүү жана талдоо баскычтарынан туруп, окуу ишмердүүлүгү менен чыгармачылык ишмердүүлүк биримдикте келип, окуучулардын индивидуалдуу жөндөмдүүлүктөрүн, дүйнөнү жана адамды таанып билүү аракеттерин активдештирип, адабий чыгарманы окууга кызыгуусун өнүктүрүүгө багытталууга тийиш. Чыгармачылык компетенттүүлүк адабий текстти окутууну окуучулардын аң-сезиминин ар тараптуулугун жана өз алдынчалыгын камсыз кылуучу илимий таанып билүү методдорунун жана каражаттарынын негизинде уюштурулат, анын натыйжасында окуучу мугалим менен жана башка окуучулар менен диалог жүргүзөт, айта турган оюн аргументтештире алат, окуу материалын анализдей жана синтездей билет, окугандарын өзүнүн жеке жашоосу жана жалпы турмуш, коом менен байланыштырууга жетишет.

Мына ушул талап кылынган муктаждыктарга жетишүү үчүн азыркы учурда Кыргызстандын билим берүү тармагында, анын ичинде башталгыч класстарда адабий чыгармаларды окутууда окуучунун чыгармачылык компетенттүүлүгүн ар тараптан өнүктүрүү милдети келип чыккан. «Чыгармачылык» түшүнүгүнүн азыркы кыргыз тилиндеги лексикалык

И. АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им. И. АРАБАЕВА
№ 86 "21" 03 2024

мааниси «адамдын маданий, руханий жана материалдык байлыктарды түзүүгө багытталган иши», демек, ал адамдын бардык ишмердүүлүгүнөн көрүнүүчү анын көз карашына, ой жүгүртүүсүнө, ар кандай көрүнүштөрдү анализдей жана синтездей билишине байланыштуу психологиялык процесс. Башталгыч класстын окуучуларынын чыгармачылыгын адабий текстти окууга байланыштуу өнүктүрүү проблемасына кирүү ар бир баланын индивидуалдуу личносттук-мотивациялык, когнитивдик жана креативдик сферасы менен байланыштуу болуп, мугалим окутуу процессинде окуучунун чыгармачылык ишмердүүлүгүн ойготуу жана калыптандыруу боюнча оптималдуу жаңы ыкмаларды табууга, чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрдү өнүктүрүүнүн жогорку деңгээлин камсыздоого багытталган атайын программаларды түзүүгө байланыштуу болот.

Жалпысынан, теманын айланасында бир катар изилдөөлөр жүргүзүлгөнү менен конкреттүү багытта – адабий көркөм тексттерди үйрөнүү процессинде окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүү багытында диссертациялык изилдөө жүргүзүлгөн эмес. Теманы изилдөөгө киришүүдө бир нече карама-каршылыктар белгиленген. Алар: биринчиден, башталгыч класстарда адабий көркөм тексттер өтө кеңири берилсе да, аларды окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүүгө багыттап окутуу боюнча мамлекеттик тилде жазылган методикалык изилдөөлөрдүн өтө аздыгы; экинчиден, адабий көркөм тексттерди окутууну окуучулардын чыгармачылыгын өстүрүү багытында инновациялоо технологиялары боюнча мугалимдердин тажрыйбаларынын үйрөнүлүп, илимий-педагогикалык жактан жалпыланбагандыгы; үчүнчүдөн, улуттук педагогикада адабий чыгармаларды талдоонун мисалында «чыгармачылык компетенттүүлүк» түшүнүгүн анализге алган эмгектердин дээрлик жоктугу ж.б.

Жогорудагыдай карама-каршылыктар жана аларды чечүүнүн зарылдыгы, башталгыч класстарда көркөм чыгармаларды үйрөтүүгө коюлган заманбап талаптар теманын проблемасын аныктап, тема «Адабий көркөм текст менен иштөө процессинде башталгыч класстын окуучуларынын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн методикасы» деп аталган.

**2. Изилдөөнүн илимий жаңылыгы жана теориялык баалуулугу.**

«Адабий көркөм текст», «чыгармачылык компетенттүүлүк» түшүнүктөрүнө теориялык анализ берилген; башталгыч класста адабий тексттерди талдоо процессинде окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өркүндөтүүнүн заманбап ыкмалары, жолдору, каражаттары адабият таануу, педагогика, психология илимдеринин соңку

жетишкендиктерине таянып кыргыз педагогикасында алгачкы жолу иштелип чыккан; башталгыч класста адабий тексттерди талдоо процессинде окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өркүндөтүүнүн проблемасынын тарыхына обзор берилип, анын изилдениш тарыхы, азыркы доордогу максат-милдеттери атайын илимий негизде алынган; тема боюнча методисттердин, мугалимдердин тажрыйбалары жалпыланган; адабий тексттерди үйрөнүүдө окуучулардын чыгармачылыгын өнүктүрүүнүн методикасы педагогикалык тажрыйбадан өткөрүлүп, эффективдүү деп эсептелген жолдор жана ыкмалар мугалимдерге сунушталган.

3. **Изилдөөдөн алынган натыйжалардын практикалык баалуулугу.**

Башталгыч класста адабий тексттерди талдоо процессинде окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өркүндөтүү боюнча сунуштар мугалимдердин сабагын жаңылоого жардам берет жана методисттерге окуу программаларын, окуу китептерин, методикалык колдонмолорду жакшыртууда, окутуучуларга жогорку жана орто окуу жайларында курстук, дипломдук, магистрдик иш жаздырууда багыт көрсөтөт.

4. **Изденүүчүнүн жеке салымы:**

Изилдөөнүн темасына тиешелүү илимий-методикалык эмгектер, окуу-нормативдик документтер, практик мугалимдердин тажрыйбалары изденүүчү тарабынан өз алдынча окуп-үйрөнүлүп, жалпылаштырылды, ырааттуулукка салынган. Башталгыч класста адабий тексттерди талдоо процессинде окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өркүндөтүү боюнча окутуунун натыйжалуу ыкмалары жана жолдору, каражаттары жекече иштелип чыккан. Сабактардын иштелмелери жекече иштелип чыгып, алардын негизинде сабактар изденүүчүнүн жеке өзү тарабынан даярдалган. Педагогикалык тажрыйбанын базалары, этаптары, планы, сабактардын үлгүлөрү өз алдынча иштелип, алардын натыйжаларын чыгаруу изденүүчүнүн жеке өзү тарабынан аткарылган. Жалпы корутунду менен практикалык сунуштар изденүүчү тарабынан жекече чыгарылган.

5. **Изилдөөдөн келип чыккан корутундулардын ишенимдүүлүгү жана жыйынтыктарынын негиздүүлүгү.**

Ишти аткаруу убагы белгиленген методологиялык таянычтарга негизделип, предметтин, милдеттердин адекваттуу жолдорун комплекстүү изилдөө методдоруна таянып, проблеманы теориялык жактан үйрөнүп, талдоо жана топтоо жолу менен максатка жеткендигинде.

6. **Изилдөөдөн төмөнкүдөй жаңы натыйжалар алынган:**

**Биринчи натыйжа** Адабий тексттерди талдоо процессинде башталгыч класстын окуучуларынын чыгармачылык компетентүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн максатын, милдеттерин, негизги багыттарын аныкталган;
**Экинчи натыйжа** «Адабий көркөм текст», «чыгармачылык компетенттүүлүк» түшүнүктөрүнө теориялык аспектиден анализ жүргүзүлгөн, башталгыч класстарда адабий көркөм текст менен иштөө процессинде окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн методикасы проблемасынын изилдөөнүн тарыхына обзор берилген жана методологиялык негиздери, методдору көрсөтүлгөн;
**Үчүнчү натыйжа** башталгыч класстардын «Адабий окуу» предметиндеги адабий тексттерди чыгармачылык компетенттүүлүккө негиздеп окутууну уюштуруунун жана өткөрүүнүн оптималдуу ыкмалары жана жолдору сунуш кылынган, бул багытта мугалимдердин, методисттердин педагогикалык иш-тажрыйбаларын жыйынтыкталган;
**Төртүнчү натыйжа** Сунуш кылынган методикалык ыкмалардын жана жолдордун эффективдүүлүгүн аныктоо үчүн педагогикалык эксперимент жүргүзүлгөн жана анын жыйынтыгы чагылдырылган.

7. **Илимий жоболордун, жыйынтыктардын жана корутундулардын негизденүү даражасы.**

«Адабий көркөм текст», «чыгармачылык компетенттүүлүк» түшүнүктөрүнө теориялык анализ берилген; башталгыч класста адабий тексттерди талдоо процессинде окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өркүндөтүүнүн заманбап ыкмалары, жолдору, каражаттары адабият таануу, педагогика, психология илимдеринин соңку жетишкендиктерине таянып кыргыз педагогикасында алгачкы жолу иштелип чыккан; башталгыч класста адабий тексттерди талдоо процессинде окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өркүндөтүүнүн проблемасынын тарыхына обзор берилип, анын изилдениш тарыхы, азыркы доордогу максат-милдеттери атайын илимий негизде алынган; тема боюнча методисттердин, мугалимдердин тажрыйбалары жалпыланган; адабий тексттерди үйрөнүүдө окуучулардын чыгармачылыгын өнүктүрүүнүн методикасы педагогикалык тажрыйбадан өткөрүлүп, эффективдүү деп эсептелген жолдор жана ыкмалар мугалимдерге сунушталган.

8. **Диссертацияда чыгарылган ар бири илимий жыйынтыктын (жобонун) жана изденүүчүнүн корутундусунун жаңылыгынын деңгээли.**

**1-жыйынтык** жарым жартылай жаңы, себеби адабий көркөм тексттерди талдоо процессинде окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өркүндөтүүнүн мааниси, максаты, азыркы абалы иликтенген;

**2-жыйынтык** жаңы, себеби башталгыч класстарда адабий көркөм тексттерди окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өркүндөтүүгө багыттап үйрөтүүнүн методикалык негиздери иштелген;
**3-жыйынтык** жарым жартылай жаңы, себеби башталгыч класстарда адабий көркөм тексттерди окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өркүндөтүүнүн методикасы боюнча методисттердин изилдөөлөрү жана мугалимдердин иш тажрыйбалары иликтенген.
**4-жыйынтык** жаңы, себеби, адабий көркөм тексттерди талдоо процессинде окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өркүндөтүүдө мугалимге зарыл болуучу педагогикалык-дидактикалык, психологиялык, эстетикалык, тилдик методологиялык негиздери иликтенген;
**5-жыйынтык** жаңы, себеби адабий көркөм тексттерди талдоо процессинде окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өркүндөтүүнү мындан ары өркүндөтүү боюнча сунуштар берилген.

**9. Алынган жыйынтыктардын ички биримдигин баалоо.**
Башталгыч класста адабий тексттерди талдоо процессинде окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өркүндөтүү боюнча сунуштар мугалимдердин сабагын жаңылоого жардам берет жана методисттерге окуу программаларын, окуу китептерин, методикалык колдонмолорду жакшыртууда, окутуучуларга жогорку жана орто окуу жайларында курстук, дипломдук, магистрдик иш жаздырууда багыт көрсөтөт.

**10. Негизги жоболордун, корутундулардын жана натыйжалардын публикацияларда толук чагылдырылышы.**
УАК талап кылган илимий-педагогикалык басылмаларда чагылдырылган;
• Илимий-практикалык конференцияларда баяндамалар жасалган;
• Сабактар, тренингдер өткөрүлгөн;
• Педагогикалык эксперименттерде текшерилген.

**11. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши.**
Автореферат негизинен диссертациянын мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максаттарына жана милдеттерине дал келет.

**12. Диссертациянын мазмунунда байкалган айрым мүчүлүштүктөр:**
Иште айрым компьютердик техникалык каталар кездешет. Бирок, белгиленген мындай мүчүлүштүктөр принципиалдуу мүнөзгө ээ эмес, алар изилдөөнүн жалпы деңгээлине таасир этпейт.

**13. Диссертациянын КРдагы УАКтын «Окумуштуулук даражаларды ыйгаруунун тартиби жөнүндөгү» Жобосунун пунктунун талаптарына ылайыктуулугу**

Мамырова Айнура Юсуповнанын педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган кандидаттык диссертациясын өз алдынча аткарылган жана педагогика илими үчүн олуттуу мааниси бар изилдөө катары кароого болот.

Мамырова Айнура Юсуповнанын «Адабий көркөм текст менен иштөө процессинде башталгыч класстын окуучуларынын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн методикасы» деген темадагы педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык комиссиясынын «Окумуштуулук даражаларды ыйгаруунун тартиби жөнүндө» жобонун № 11 пунктуна ылайык коюлган талаптарына толук жооп берет. Мамырова Айнура Юсуповнанын 13.00.02 - окутуунун жана тарбиялоонун теориясы методикасы (кыргыз адабияты) боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасына татыктуу деп эсептөөгө болот.

Мамырова Айнура Юсуповнанын «Адабий көркөм текст менен иштөө процессинде башталгыч класс окуучуларынын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн методикасы» деген темадагы диссертациясына пикир А.Мырсабеков атындагы Ош МПУнун Башталгыч, мектепке чейинки билим берүүнүн теориясы жана усулу кафедрасынын кеңейтилген жыйынынын 2024-жылдын 29-февралындагы отурумунда каралды (протокол № 6).

**Катышкандар:**

1. Зулуев Б.Б. - педагогика илимдеринин доктору, профессор (13.00.01);
2. Касымбеков Э.А.- педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.01);
3. Миңбаева К.Б.- педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.02);
4. Байышова Г.Ж. -педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.02);
5. Даминова И.Д. - педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.01);
6. Шербаева Ж.Р. - педагогика илимдеринин кандидаты, (13.00.02);
7. Акматова Ч.А.- педагогика илимдеринин кандидаты, (13.00.02);
8. Сагынбай к. Н.- тарых илимдеринин кандидаты, доцент (07.00.02);
9. Абсатаров Р.Р.- биология илимдеринин кандидаты, доцент (03.02.08);
10. Мадраимов С. - педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.02);
11. Арынбаев Э.К.- педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.02);
12. Таиров М.М.- физика-математика илим. доктору, профессор (01.01.06);
13. Абдывасиева З.-педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.02);
14. Маткаримов Н.Т.-социология илимдеринин кандидаты, доцент (22.00.04);
15. Турдубаева К.Т. - педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.02);
16. Мусаканова Майрамкан Мусакановна– улук окутуучу;

17. Тиллабаева А. М.– улук окутуучу;
18. Мадалиева С.А. – окутуучу;
19. Какиева Г.А. – окутуучу;
20. Кожобекова Н. – окутуучу;
21. Теңишова К.Ж. – окутуучу;
22. Таабалдиева А.А. – окутуучу;

**Отурумдун төрагасы, п.и.к., доцент:** Э. А. **Э. А. Касымбеков**

***Педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Э. А. Касымбековдун колун тастыктайм***

**Ош МПУнун кадрлар бөлүмүнүн башчысы:** **Кадыралиева А.Б.**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ А. МЫРЗАБЕКОВ АТЫНДАГЫ ОШ МАМЛЕКЕТТИК ПЕДАГОГИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ
КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ

Дата поступления отзыва
в ДС Д 13.23.673
04.03.2024г

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ